КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**31.05.2022 ж № 2** **Боо-Терек айылы**

**Кермалиев Алмаз Дүйшөнкуловичке айылдын «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндө**

2016-жылдан 2022-жылдар аралыгында Боо-Терек айылдык аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жана билим берүү тармагына: окуучулардын билим сапатын өстүрүү максатында «Б.Сатыбеков» атындагы орто мектебине 7 компьютер, 2 класс комплект мебель, 280 китеп берип жана ошондой эле мектептин капиталдык ремонтуна 14 500 000 (он төрт жарым миллион) сом каражат инвестиция тартып, 6 жыл аралыгында айыл аймагына зор салымын кошкондугун баалап, Кермалиев Алмаз Дүйшөнкуловичке айылдын «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндөгү «Б.Сатыбеков» атындагы орто мектебинин мугалимдер жамаатынын 2022-жылдын 17-майындагы №01/117 сандуу кайрылуусун угуп, талкуулап Боо-Терек айылдык аймактык Кенешинин XXXII чакырылышындагы XI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кермалиев Алмаз Дүйшөнкуловичке Боо-Терек айылдык аймагынын **«Ардактуу атуулу»** наамы ыйгарылсын.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Боо-Терек айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **А. Мамыралиев**